**А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектебинин**

**Укук бузуулардын алдын алуу Кеңештин биринчи отурумунун №1 ПРОТОКОЛУ**

**24.09.21ж.**

Катышты:9

Каралуучу маселер:

1.Персоналдык жана окуучулардын жүрүм-турумун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо.

2.Укук бузулардын алдын алуу иш чаралардын окуучулар үчүн уюштуруусу. Угулду: биринчи маселе боюнча класс жетекчилердин УБ жетекчиси Мусапырова Г,А. сөз алып: класс жетекчилер өз алдынча окуучулар менен иштөөсү боюнча билдирүүлөрдүн жыйынтыгынын негизинде: окуучулардын жүрүм турумундагы бекитилген этикалык, персоналдык ченемдерин сактоого коңул буруусун талап кылды. Мектеп Уставында бекитилген окуучулардын милдеттери толук аткарылышы керек:

- өз учурунда сабакка катышуу;
- окууга эстүүлүк менен мамиле жасоо;
- окуучулардын жана мектепке эмгектеңген кызматкерлерин кадыр-бар кын сыйлоо;
- мектепте бекитилген ички тартип, техника коопсуздугун, санитария жана гигиена эрежелерин сактоо жана колдоого;
- мектепте, үйдө жана башка жердеги тартипти сактоо, адептүү болуга жүрүм-турумдун эмгектин эрежелерин сактоо.

Экинчи маселе боюнча “Укук бузуулардын алдын алуу иш чаралардын окуучулар үчүн уюштуруусу” боюнча 7,8,9 класстардын класс жетекчилердин билдирүүлөрү угулду. Уюштурулган иш чаралар окуучулардын жүрүм-турумундагы этикалык ченемдерди сактоо, маданий баалуулуктарын коолдого арналган төмөнкү мазмуну боюнча: “Укук жана милдет”, “Жаман адаттардан алыс бол!”, “Чылым чегүү-жаман адат”, “Спирт ичимдиктер, банги заттардын зыяндуулугу”ж.б. болуп өткөн.

ЧЕЧИМ:

1.Персоналдык жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин, маданий баалуулуктарды сактоо иш чаралар класс жетекчилерге жүктөлсүн, көзөмөл иш чаралар УБ жетекчисине жүктөлсүн.

2.Укук бузуулардын алдын алуу иш чаралар ар бир айда өтүлүп, билдирүүлөр берилсин.

3.Класс жетекчилер окуучулар менен өз алдынча иштөөсү улансын жана УБ отурумунда каралсын.

Кеңештин төрайымы:___________Курманалиева З.О.

Катчы________Баякеева Н.